МАКУЛДАШЫЛДЫ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
АК жыйыны, Протокол № 7
“ 26 “ 10 2026-жыл

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору,
т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов
“ ” 2026-жыл

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде 2026-2027-окуу жылынын «Илим айынын» алкагында өткөрүлүүчү иш-чаралардын

ПЛАНЫ

Илим айынын максаты: университетте илимий изилдөө иштерин өнүктүрүү, профессордук-окутуучулук курамдын, жаш окумуштуулардын, аспиранттардын, магистранттардын жана студенттердин илимий активдүүлүгүн жогорулатуу, илимий жетишкендиктерди жайылтуу жана университеттин илимий потенциалын чыңдоо.

Милдеттери:

- Илимий изилдөөлөргө кызыгууну арттыруу жана илимий чыгармачылыкты колдоо.
- Жаш окумуштуулардын, аспиранттардын, магистранттардын жана студенттердин илимий демилгелерин өнүктүрүү.
- Илимий макалаларды, долбоорлорду жана интеллектуалдык эмгектерди даярдоого көмөктөшүү.
- Илимий мекемелер, жогорку окуу жайлар жана өндүрүштүк уюмдар менен кызматташууну кеңейтүү.
- Университеттин илимий жетишкендиктерин коомчулукка жайылтуу.

Күтүлүүчү натыйжалар

- Университеттин илимий ишмердүүлүгүнүн активдүүлүгү жогорулайт.
- Жаш окумуштуулардын жана студенттердин илимий изилдөөлөргө болгон кызыгуусу артат.
- Илимий макалалардын, баяндамалардын жана изилдөө долбоорлорунун саны көбөйөт.
- Илимий кызматташтык жана тажрыйба алмашуу кеңейет.
- Университеттин илимий жетишкендиктерин жайылтуу иштери күчөтүлөт.

Катар №	Иш-чаранын аталышы	Өткөрүү мөөнөтү	Жооптуу түзүмдөр, кызматкерлер	Күтүлүүчү натыйжалар
1	«Илим айынын» ачылыш аземин өткөрүү, илимдин мааниси жана университеттин илимий багыттары жөнүндө презентация уюштуруу	2-ноябрь	Илим бөлүмү, колледждер жана институттар	
2	«Тарыхый инсандарды	Ноябрь айынын	Кафыедра	

	тааныйбыз» аттуу куратордук сааттар	1-декадасы	башчылары	
3	Кыргыз АССРинин түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата илимий иш-чараларды уюштуруу	2-10-ноябрь	Педагогика институту	Атайын иш-чаралары түзүп уюштурат
4	Университеттин илимий ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын жана жетишкендиктерин чагылдырган көргөзмө уюштуруу (шартка жараша онлайн көргөзмө уюштурулушу мүмкүн	10-ноябрь	Илим бөлүмү, колледждер жана институттар, китепкана	
5	«Илим жана инновация: жаңы мүмкүнчүлүктөр» аттуу тегерек стол өткөрүү	10-ноябрь	Илим бөлүмү, Стартап борбору Институттар, колледждер	
6	Ч.Айтматовдун 100 жылдык юбилейине карата студенттер арасында мыктылардын номинациясы боюнча конкурстарды уюштуруу	Ноябрь айы ичинде	Бекитилген жобого ылайык	
7	«Ата-бабалардын илим-билимге кошкон салымы" аталышындагы кураторлук сааттар	Ноябрь айынын биринчи декадасы	Кафедра башчылары	
8	Жаш окумуштуулар, аспираттардын катышуусунда илимий семинар уюштуруу	16-20-ноябрь	Илим бөлүмү	
9	«Илимий макаланы даярдоо жана эл аралык журналдарга жарыялоо» темасында мастер-класс өткөрүү	23-27-ноябрь	Илим бөлүмү, тажрыйбалуу окумуштуулар	
10	Ар бир колледжде жана институттарда илимий-практикалык семинарларды жана кафедралык илимий талкууларды уюштуруу	9–13-ноябрь	директорлор	

11	Студенттердин илимий ийримдеринин жана изилдөө долбоорлорунун презентациясын өткөрүү	16-20.11.2026	Директорлор Кафедра башчылары	
12	«Жасалма интеллект жана илимий изилдөөлөр» темасында илимий-усулдук семинар уюштуруу	Ноябрдын экинчи декадасы	Ажыкулов С.	
13	Илимий изилдөөлөрдүн жетишкендиктери боюнча семинарларды өткөрүү	Ноябрь айы	Илимий изилдөө лабораториясынын башчылары	
14	Университеттин окумуштууларынын катышуусунда «Окумуштуу менен жолугушуу» иш-чарасын өткөрүү	Ноябрь айы	Кафедра башчылары	
15	Илимий долбоорлорду даярдоо, гранттык конкурстарга катышуу жана илимий каржылоо мүмкүнчүлүктөрү боюнча маалыматтык семинар өткөрүү	Ноябрь айы	Эл аралык байланыштар бөлүмү	
16	«Медицинадагы актуалдуу маселелер жана аларды чечүү жолдору» аттуу илимий-практикалык конференция, семинар, тегерек столдорду уюштуруу	Ноябрь айы ичинде	Медицина институту Медициналык колледж	Атайын иш-чаралары түзүп уюштурат
17	Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын өндүрүшкө жана практикага киргизүү маселелери боюнча илимий-практикалык семинар өткөрүү (өндүрүштө иштегендерди чакыруу менен)	Ноябрь айы	Кафедра башчылар	
18	Студенттердин илимий изилдөө иштеринин республикалык жана эл аралык конкурстарга,	Ноябрь айы	Кафедра башчылары, Жаштар комитети	

	конференцияларга катышуусу боюнча маалымат баракча даярдоо жана соцтармактарга жайгаштыруу			
19	Илим айынын жыйынтыгы боюнча отчет даярдоо жана кийинки жылга карата сунуштарды иштеп чыгуу	Ноябрдын аягында	Директорлор, Илим бөлүмү	
20	«Илим айынын» алкагында өткөрүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгын чыгаруу, активдүү катышуучуларды сыйлоо	Декабрдын биринчи декадасы	Ректорат	

Кошумча иш-чаралар:

1. Институттар жана колледждер жана кафедралар/ПЦКлар тарабынан иш-чаралардын мазмуну, форматы жана катышуучулары алдын ала аныкталсын.

2. Ар бир иш-чаранын өткөрүлүшү боюнча маалыматтар, сүрөттөр жана жыйынтыктоочу материалдар топтолсун.

3. Иш-чаралар университеттин расмий сайтына жана социалдык тармактардагы баракчаларына жарыяланып турсун.

4. Студенттердин, магистранттардын, жаш окумуштуулардын, аспиранттардын жана профессордук-окутуучулук курамдын активдүү катышуусу камсыз кылынсын.

5. Илим айынын жыйынтыгы боюнча жооптуу түзүмдөр тарабынан жалпыланган отчет даярдалсын.

Даярдаган Г.С.Токоева